ЛИНГВИСТИКА

ЛИНГВИСТИКА

LINGUISTICS

DOI:10.26104/NNTIK.2022.17.50.071

Сопукулова А.А.

АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ГЕРУНДИЙДИ КЫРГЫЗ ТИЛИ МЕНЕН САЛЫШТЫРУУДАГЫ СЕМАНТИКА-ФУНКЦИОНАЛДЫК АНАЛИЗ

Сопукулова А.А.

СЕМАНТИКО-ФУНКЦИОНАЛЬНЫЙ АНАЛИЗ В СРАВНЕНИИ ГЕРУНДИЯ В АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКЕ С КЫРГЫЗСКИМ ЯЗЫКОМ

A. Sopukulova

SEMANTIC-FUNCTIONAL ANALYSIS IN COMPARISON OF THE GERUND IN ENGLISH WITH THE KYRGYZ LANGUAGE

УДК: 81' 367.625.4=111

Практикада жөнөкөй, түшүнүктүү, бизге белгилүү эле болгон фактыларды жетишээрлик деңгээлде чет тилинде – экинчи маданиятка жеткирип берүү кыйла көйгөй жаратаары шексиз, аны изилдөөдө бир топ полемика келип чыгат. Ушундай дилемма англис тилиндеги герундийди кыргыз тилине которууда да бар. Анын компоненттеринин семантикалык өзгөчөлүктөрдү сактоо менен, сүйлөмдө аткарган функциясына көңүл бөлүүнү талап кылат. Ар бир тилде этиш сөз түркүм катары башка сөз түркүмдөргө караганда эң көп колдонулаары белгилүү. Анын сүйлөмдөгү орду, функциялары жана маанили тектеш эмес тилдер менен салыштыра келгенде андан изоморфдук да, алломорфдук кубулуштарды байкайбыз. Макалада кыргыз тилиндеги этиштин өзгөчө формалары менен англис тилиндеги туура эмес этиштердин бири – герундийдин сүйлөмдөгү орду, алардын функциясы жана которулушу талданып, моделдештирилди.

***Негизги сөздөр**: герундий, туура эмес этиш, өзгөчө форма, модель, суффикс, инфинитив.*

На практике передача известных нам простых, понятных фактов к другой культуре, несомненно, является большой проблемой, и при ее изучении возникает множество споров. Такая дилемма существует при переводе английского герундия на кыргызский язык, что требует разделения его компонентов по их функции в предложении с сохранением семантических признаков. Известно, что в каждом языке глагол употребляется чаще, чем другие части речи. Когда мы сравниваем его место, функции и значение в предложении с неродственными языками, мы замечаем как изоморфные, так и алломорфные явления. В статье проанализированы и смоделированы специальные формы глагола в кыргызском языке и герундий – один из неправильных глаголов в английском языке, их место, функция и перевод на кыргызский язык.

***Ключевые слова:** герундий, неправильный глагол, специальная форма, модель, суффикс, инфинитив.*

In practice, the transfer of simple, understandable facts into a foreign language as a second culture is undoubtedly a big problem, and it arises a lot of controversy when studying it. Such a dilemma exists when translating English gerund into Kyrgyz language, which requires the separation of its components according to their function in the sentence while maintaining semantic features. It is known that in every language the verb is used more often than other parts of speech. When we compare its place, function, and meaning in a sentence with unrelated languages, we notice both isomorphic and allomorphic phenomena. The article analyzes and models the special forms of the verb in Kyrgyz language and English gerund, their place, function in the sentence.

***Key words**: gerund, irregular verb, special form, pattern, suffix, infinitive.*

Ар бир тилдеги грамматикалык каражаттар өз мезгилинде талапка жараша системага салынып, теориялык жактан изилденип чыккан. Англис тилиндеги герундий дагы этиштин өздүк эмес формасы катары изилденип, уюшулуш жолдору жана аткарган негизги функциялары белгиленген. Герундий – этиштин өздүк эмес формасы болуу менен бирге -ing суффиксинин этиштин алгачкы же башталгыч (инфинитив) формасына жалгашуусу менен уюшулуп, өзүнө зат атоочтун да, этиштин да касиеттерин камтуу менен кандайдыр бир процесстин белгисин көрсөтөт (которулду) [5, 260-б.].

Аны колдонуунун көп учурларда герунд өзүнө сиңген синтаксистик байланыштарды жана мамилелерди жашыруун түрдө камтыйт. Бул нукура англисче көз караштан алганда ушундай, бирок, өзүнүн грамматикалык системасында жок чет өлкөлүк үчүн герундийдин орду даана байкалат (которулду) [4, 227-б.].

Орус жана кыргыз тилдеринде так герундийге окшогон аналогдук форма жок, ал эми маани жагынан кыргыз тилинде атоочтука, чакчылга, кыймыл атоочко жакындашып кетет.

playing – ойной

sleeping – уктоочу

writing – жазуу

Герундийдин кыргыз тилинде берилишин изилдөөдө төмөнкү методдор колдонулду:

1. Сүрөттөп берүү.
2. Модельдештирүү.

3. Салыштыруу.

4. Компоненттик анализ.

5. Контрастивдик анализ.

Англис тилинин герундийин изилдөөдө Б.А. Ильиш, В.И.Каушанская, К.Н.Качалова иштеп чыккан окуу куралдар бизге репондент болду.

Р. Блюме, Г. О. Керме, Л. Кельнер, О. Есперсен, Дж. Л. Армстронг, Г. Логеман, Ф. Дж. Рустерберг, М. Калауей сыяктуу окумуштуулар герундийди кенен иликтеп, илимий эмгектеринде өз пикирлерин билдирип, аныктамаларын беришкен.

Англис тилинде -ing суффикси негизги этишке жалганган учурлар көп кездешет, бирок анын маанилери жана функциялары кеңири ажыратылып, изилденген.

Англис тилинде герундий зат атоочтун касиеттерин өзүнө камтуу менен синтаксистик жактан төмөнкү функцияларды аткарат (которулду) [5, 261-б.].

1. ЭЭ.

M: **Going** to the library is my favorite activity – Китепканага баруу менин жакшы көргөн ишим.

2. Атоочтук баяндооч.

M: Her main mission is speaking – Анын негизги милдети – сүйлөө.

3. Этиштик баяндооч.

M: Teacher finished explaining the theme – Мугалим теманы түшүндүрүп бутүү.

4.Тике толуктооч.

M: Mother remembered cooking the cake – Апам тортту бышырууну эскертти.

5. Предлогтуу кыйыр толуктооч.

M: I am fond of reading – Мен окуганды жакшы көрөм

6. Аныктооч.

M: They are afraid of losing their job – Алар жумушун жоготуудан коркушат.

7. Бышыктооч.

M: After understanding the theme I began write an article – Теманы түшүнгөндөн кийин, мен макала жаза баштадым.

Герундий зат атоочко окшоп өзүнөн мурун предлог менен колдонуп, таандык жөндөмөдө болуп калат [5, 261-б.].

M: We were surprised at hearing such news – Биз мындай жаңылыкты угуп таңыркадык.

Англис тилинде герундий этиштин касиеттерин өзүнө камтуу менен синтаксистик жактан төмөнкү функцияларды аткарат [5, 262-б.].

1. Тике толуктооч.

M: He remembered reading this book – Анын бул китепти окуганы эсимде.

2. Тактооч.

M: I came to Bishkek collecting new materials – Мен Бишкекке жаңы материал топтогону келдим.

3. Герундийдин мамиле жана чак формалары бар.

M: I like collecting new materials in Bishkek – Мага Бишкекте жаңы материал топтогон жагат.

M: I like new materials having been collected in Bishkek – Мага жаңы материал Бишкекте топтолгону жагат.

Англис тилинде герундий герундиялык конструкциялар менен да белгилүү:

M: afraid of, fond of, interested in keen on, proud of, tired of.

I am afraid of telling him true – Мен ага чындыкты айткандан коркуп жатамын.

Кыргыз тилинин грамматикасында болсо таза этиштерден башка, этиштердин тобуна атоочтуктар (жазган) менен чакчылдар (жазып) кирет. Ошону менен бирге этиштер менен атоочтордун аралыгындагы этиштик атоочтор (жазуу) бар. Этиштен этиш жасоо же башка сөз түркүмдөрүнөн этиш жасоо жолдору этиш категориясынын өзүнө гана мүнөздүү касиети болуп саналат [6, 194-б.].

Кыргыз тилинде этиштердин кыймыл-аракеттик, алабалдык лексика-грамматикалык негизги маанилерин сактай бербеген ар түрдүү көрүнүштөрү да бар. Аларды биз этиштин өзгөчө формалары деп атап, чакчылдар, атоочтуктар жана кыймыл атоочтор деген үч топко бөлүп карайбыз. Булар чыныгы этиштердей болуп жак сан, чак, мамиле жана ыңгай категориялары менен өзгөрө бербейт [1, 281-б.].

Герундий этиштик зат атоочтон пайда болуп, убакыттын өтүшү менен вербалдашканы менен, ошол эле убакытта өзүнүн баштапкы мүнөзүн сактап кала алган. Ал негизги этишке -ing суффиксин жалгоо менен түзүлөт жана англис тилинин грамматикасындагы Participle I (атоочтук I) формага шайкеш келет (которулду) [5, 166-б.].

Модель

Англисче	Кыргызча
Герундий Notional Verb (негизги этиш) + ing	1. Чакчыл негизги этиш + а, е, й, ып, ип, ганча, гыча, ганы, гени, галы, гели, майынча, мейинче.
	2. Атоочтук Негизги этиш +ган, ар, бас, оочу/уучу, а, е, элек, гыс, й.
	3. Кыймыл атооч Негизги этиш + оо, өө, уу, үү, ыш, ш, мак, май, мой.

Герундий менен чакчылдын сүйлөмдөгү ордун талдай турган болсок:

M: The boy looked smiling the girl – Жигит кызды жылмая карады.

Сүйлөм зат атоочтук касиетти өзүнө камтыган герундий менен куралган. Сүйлөмдүн ээси – the boy (бала), баяндооч – looked (карады), **герундий – smiling (жылмая) – сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарды.**

Эми ушул эле сүйлөмдү кыргыз тилинде талдап карасак:

Сүйлөм тактоочтун белгилерин камтыган чакчыл менен куралган. Сүйлөмдүн ээси – бала (жигит), баяндооч – карады, **жылмая – чакчыл, сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарды.**

Герундий менен атоочтуктун сүйлөмдөгү ордун талдай турган болсок: M: Studying students returned – Окуган студенттер кайтышты.

Сүйлөм зат атоочтук касиетти өзүнө камтыган герундий менен куралган. Сүйлөмдүн ээси – students (студенттер), баяндооч – returned (кайтышты), **герундий –** Studying **(окуган) – сүйлөмдө аныктоочтун милдетин аткарды.**

Эми ушул эле сүйлөмдү кыргыз тилинде талдап карасак:

Сүйлөм этиштик касиетти өзүнө камтыган атоочтук менен куралган. Сүйлөмдүн ээси – студенттер, баяндооч- кайтышты, окуган – **атоочтук –сүйлөмдө аныктоочтун милдетин аткарды.**

Герундий менен кыймыл атоочтун сүйлөмдөгү ордун талдай турган болсок:

1. M: Talking mends no holes (proverb) – Көп сүйлөө тешикти да жамабайт (которулду) б.а. кыйынчылыкта жардам бербейт.

Сүйлөм зат атоочтук касиетти өзүнө камтыган герундий менен куралган. Сүйлөмдө **герундий – talking ээнин милдетин аткарды**, баяндооч – mends (жамоо).

Эми ушул эле сүйлөмдү кыргыз тилинде талдап карасак:

Сүйлөм зат атоочтук касиетти өзүнө камтыган кыймыл атооч менен куралган. Сүйлөмдө **көп сүйлөө – кыймыл атооч, ээнин милдетин аткарды**, баяндооч – **жамабайт.**

2. M: **I simply love ridding (*Galsworthy*) – Мен ат минмейди жөн эле сүйөм.**

Сүйлөм этиштик касиетти өзүнө камтыган герундий менен куралган. Сүйлөмдүн ээси – I (мен), баяндооч – love (сүйөм), герундий – ridding (ат мингенди) сүйлөмдө толуктоочтун милдетин аткарды.

Кыргыз тилинде талдап карасак: **Мен ат минмейди жөн эле сүйөм.**

Сүйлөм этиштик касиетти өзүнө камтыган кыймыл атооч менен куралган. Сүйлөмдүн **ээси – мен, баяндооч – сүйөм, ат минмейди – кыймыл атооч, сүйлөмдө толуктоочтун милдетин аткарды**.

Тыянак. Англис тилинин грамматикасындагы туура эмес этишке кирген герундий кыргыз тилиндеги этиштердин өзгөчө формалары болгон чакчыл, атоочтук жана кыймыл атоочтор менен которулат.

Герундий негизги этишке -ing суффиксин жалгоо менен түзүлсө, чакчыл, атоочтук жана кыймыл атооч өздөрүнө мүнөздүү мүчөлөр менен жасалат.

Герундий менен чакчыл, атоочтук жана кыймыл атоочтор сүйлөмдө эквивалентүү функцияга ээ. Семантикалык жактан бирдей мааниде колдонулат.

Адабияттар:

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. - Бишкек, 2008. - 481 б.
2. Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. - Москва, 2007. - 576 б.
3. Ильиш Б.А. Современный ангийский язык. - Москва, 1948 - 347 с.
4. Каушанская В.Л., Ковнер Р.Л. Грамматика английского языка. - Ленинград,1972. - 313 б.
5. Качалова К.Н., Израилевич Е.Е.Практическая грамматика английского языка. - Москва, 1996. - 667 б.
6. Кудайбергенов С., Турсунов А., Сыдыков Ж. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. - Фрунзе, 1980. - 194 б.
7. Новый англо-русский словарь: Ок. 60000 словарн. Статей / В.К. Мюллер, В.Л. Дашевская, В.А. Каплан и др. - 2-е изд., стереот. - М.: Русский язык, 1995. - 880 с.